*Жолчиев С.Т.*

# КЫРГЫЗДАРДЫН ОРУСИЯНЫН КУРАМЫНА КИРГЕНГЕ ЧЕЙИНКИ КЫЛМЫШ ЖАЗЫК СОТ ИШТЕРИ ЖАНА СОТ ТУТУМУ

*Жолчиев С.Т.*

# УГОЛОВНЫЙ СУД И СУДЕБНАЯ СИСТЕМА КЫРГЫЗОВ ДО ВХОЖДЕНИЯ В СОСТАВ РОССИИ

*S.T. Jolchiev*

# CRIMINAL COURT AND THE JUDICIAL SYSTEM OF THE KYRGYZ TO JOINING RUSSIA

*УДК: 347.9/908*

*Кыргыздардын Оруссиянын курамына кошулганга чейин жазык иштеринин калыптануусу, бийлердин элдик сот институт катары ээлеген орду, бий сотторунун съездинин эрежелеринин өзгөрүлүп, толукталуусу, үрп адат, каада укуктарынын сот иштеринде оозеки колдонулуусу жана мурас болуп өтүп келүүсү, бий сотторуна тараптардын кайрылуулары, уруулар арасында талаш-тартыштарды кароонун тартиби, карапайым элдердин уктарынын корголуусунун абалы, сот иштерин козгоо, далилдерди келтирүү, сот ишинде ант берүү бөлүгү жана ант берүүнүн маанилүүлүгү, жазык сот өндүрүшүнүн жүрүшү, казы сотторунун пайда болуусу, манаптык башкаруу учурунда бий сотторунун абалы, бий сотторунун чечимдерине канааттанбаган тараптардын манаптарга кайрылуусу, бий жана манаптык сот адилеттигинде карапайым элдердин уктарынын абалы, орус бийлигинин учурунда кадаа укуктардын жана үрп адаттардын жоюлуусу жөнүндө каралган.*

***Негизги сөздөр:** бий жана казы соттору, сот тутуму, жазык сот өндүрүшү, манаптык башкаруу, тараптар, укуктар, мыйзам, каада-салт.*

*В статье рассматривается процесс становления уголовного судебного дела кыргызов до вхождения в состав России, место и роль института судов биев как народных судов, изменение и дополнение правил съездов судов биев, обычное право, традиция судебного дела и наследство, обжалование сторон судов биев, порядок споров между племенами, положение и защита прав простых людей, возбуждение судебного дела, приведения доказательства, в части принятия присяги и важность принятия присяги, проведение уголовного судопроизводства, возникновение судов казы, положение судов биев при правлении манапского периода, обращение к манапам, не удовлетворенные стороны решения судов биев, положение простых людей манапского и бийского правосудия, ликвидация обычных прав и традиция в период Российской власти.*

***Ключевые слова:** суды биев и казы, судебная система, уголовное судопроизводство, манапское управление, стороны, права, закон, традиции.*

*The article considers the process of formation of the criminal court case of the Kyrgyz people before becoming a part of Russia, place and role of the Institute of the biys as the people's courts, amendments to the rules of the congresses of the courts of the beys, the common law tradition of judicial Affairs and heritage, the appeal of the parties of the biys, order of disputes between the tribes, the situation and protection of the rights of ordinary people, the court, bring the evidence, in terms of taking the oath and the importance of taking the oath, the conduct of criminal proceedings, the appearance of vessels Kazi, the position of the biys in the reign anapskogo period, appeal to the Manapov aggrieved parties the decisions of the biys, ordinary people manap and Biy justice, the elimination of customary rights and tradition in the period of the Russian authorities.*

***Key words:** courts, judges and Kazi, judicial system, criminal justice, manap control, hand, right, law, tradition.*

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн сот тутумунун келип чыгуусунда жазык иштери негиз болгон, Анткени ошол мезгилдеги уруу башчылары коомчулукта тартиптүүлүктү орнотуу максатында жазык сот иштерин негиздеше баштаган. Уруулар ичинде ар кандай тартип бузуулар, киши өлтүрүү, урдоо, карактоо, тоноо ж.б. у.с. укук бузуулардын алдын алуу, аларга карата чара колдонуу, тартип бузгандарды жазалоо бийлер сотторунун максатынын бири болгон.

Н.С. Турсунбаеванын оюу боюнча “Кыргыздарда бий соттору өтө чоң ролду ойношкон, бир гана элдик институту катары эмес, коомдук-саясий көйгөйлөрдү жана ар кандай талаш тартыш маселелерин чечишкен” [1].

Кыргыз элибиздин тарыхында сот ишмердүүлүгүн алгач жүзөгө ашыргандар бийлер болуп саналган, кийинчерек казы деген аталыштагы соттор дагы болгон, казы соттору Кокон хандыгынын доорунда пайда болгон.

Ошентип, биз алгач бий соттору жөнүндө токтолсок, Анткени Кыргыз элибизде эң алгач кылмыш жаза сот иштери негизделе баштаган, кылмыш жазык

иштерине чейин бир дагы сот иши болгон эмес, кийинчерээк жарандык иштер да пайда болуп, кылмыш жазык жана жарандык сот иштери карала баштаган.

А. Культелеевдин айтуусу боюнча “Бий сотторунун практикасы жана ошондой эле бий сотторунун съездинин эрежеси ар дайым укуктук када менен толукталып, өзгөрүп турган” [2].

Дал ушул мезгилдерде бийлер сот иштерин алып барышып үрп адат, када укуктарынын негизинде кылмыш-жаза иштерине жаза чараларын колдонуп келишкен.

Б.И. Борубашовдун жазуусу боюнча “Кыргыздардын каада укуктары ооз эки традицияда негизделген, ал муундан муунга өтүп келген” [3].

Ал убакта эч кандай мыйзамдар болбогондуктан бий соттору када укуктарын ооз эки түрдө колдонуп чечим чыгарышкан.

И. Козловдун айтуусу боюнча “Кыргыз сотторубул элдик сот, мындай ойдо түшүнсөк болот, алардын чечимдери элдик юридикалык каада укуктарына негизделген” [4].

Кыргыз эли Орусия падышачылыгынын курамына киргенге чейин када укуктарын бекем карманышкан, Орусиянын курамына кошулган учурдан тартып, када укуктары өз күчүн акырындык менен жогото баштаган.

Бир жагынан алып караганда укуктук мамлекеттин түзүлүүсү, Конституция жана мыйзамдардын кабыл алынып иштеши, Кыргыз мамлекетибиздин өнүгүп өсүүсүн тастыктаса, элибиздин үрп-адаттарынын, каада укуктарынын, коомубузда жоголуп колдонулбай бара жатканы абдан өкүнүчтүү.

И.И. Ибрагимовдун айтуусу боюнча “Талаштартыш бир уруунун ичинде болсо анда ошол уруунун бийи маселени чечкен. Татаалыраак, б.а. эки уруунун ортосунда талаш тартыш жаралса анда жабырлануучу күнөөлүү болгон жактын туугандарына кайрылган алар жабырлануучунун даттануусун канааттандырбаса ошол уруу башчысына кайрылган. Эгерде жабырлануучунун даттануусу канааттандырылбаса анда жабырлануучу өзүнүн уруу башчысына кайрылган. Эгерде даттанылган иш маанилүү болсо уруу башчы өзүнүн жигиттери аркылуу ошол уруунун башчысы менен байланышкан. Бул жолугушууда башчы манап же анын уруусунун бийи ишти чечкен: жабырлануучунун ишин кароодо сот өндүрүшү эки уруунун ортосунда, бийлер съезди өткөрүлүп маселе чечилген” [4].

Ал эми С.Кожоналиевдин айтуусу боюнча “Ишти козгоо мындайча жүзөгө ашырылган сотто далилдерди келтирүү доогердин жана анын туугандарынын, ишенимдүү адамдарынын милдетти болгон. Сотто катышкан жактардын далилдерди келтирүүдөн тышкары күбөлүк көрсөткүчтөрү дагы болгон. Маселен, бий сотторунда жактардын өзүнүн доо арызы боюнча далилдерди келтирүүсү гана эмес ошол иш боюнча күбөөлөрү дагы милдеттүү болгон” [5]. Каралып жаткан сот ишине катышышкан.

Бий сотторунда айыпталуучунун күнөөлүлүгүн же күнөөсүздүгүн тастыктоо үчүн далилдерди жана күбөлөрдү келтирүүдөн тышкары, сот өндүрүшүнүн ант берүү бөлүгү өткөзүлгөн. Бул абал сот ишин жүргүзүүнүн абдан чоң бөлүгүн ээлген, качан гана түздөн түз далилдер анык болбогондо, ант берүүгө карап чечим кабыл алынган.

Ал учурда ант берүү соттук иштин абдан маанилүү бөлүгүн камтыган. “Майда барат сот иштеринде эгерде жоопкердин күнөөлөгөнгө же акталганга эч кандай далилдери жок болсо анда бий соттору өзүнүн көз карашында жоопкерди же доогерди өздөрүнүн сөздөрүн тастыктоо үчүн ант берүүнү сунуштаган” [6].

“Бий сотторунда адистештирилген аткаруучу орган болгон эмес, (башкача айтканда азыркы учурдагыдай сот аткаруучу), чыгарган чечимдерди айылдагы тийиштүү адамдар же тараптардын туугандары аткарган. Кээ бир учурларда доонун аткарылуусу кечиктирилсе анда бийдин чыгарган чечимдеринин аткарылуусун талап кылып жоопкерге эмес, чечимди аткара турган тийиштүү адамга кайрылган” [7].

Адилетсиз чыгарган чечимдерге даттануу бийлердин даражасын кемсинтүү болуп саналган, ошондуктан манаптар даттанууну кабыл алышкан эмес, даттанган жакка физикалык жаза колдонушкан. Бийдин чыгарган чечимдерине наразы болгон карапайым адамдар өздөрүнүн уруусунун манапына даттана алган эмес.

Маселен, бий сотторунун чечимдерине наразы болгон тарап манаптарга даттанган, бирок манаптар карапайым элдердин даттанууларын караган эмес, алар даражасы жогору болгон жактардын алардын туугандарынын иштерин аппеляциялык тартипте өздөрүнүн көз карашынын негизинде чечишкен.

Ошентип, Кыргыз элибизде манаптар жана бийлер жүргүзгөн сот адилеттиги, карапайым калктын укуктарын коргой алган эмес, алар өздөрүнүн көз карашына карап чечимдерди кабыл алышкан.

Бирок, Кыргыз элинде калкты ойлогон күчтүү жана адилеттүү бий жана манаптар да болгон, тилекке каршы көпчүлүк бий, манаптар адилетсиз башкаруу жүргүзгөндүктөн, ал мезгилдеги сот адилеттүүлүгү өз максатына жетпей калган.

**Адабияттар:**


1. Кожоналиев К.С. Суд и уголовное обычное право киргизов до Октябрьской революции. - Ф., 1963.
2. Заряжский Г.С. Заметки о народном самоуправление у каракиргиз. Материалы для статистика Туркестанского края. / Ежогодник. - Вып. III. - СПб., 1874. - С. 362.
3. Туранов Д. Обычное право киргизов. / Киргизское степная газета, №43, 1990г.
4. Ибрагимов И.И. Заметки о киргизком суде. Зап.ИРГО по отделения этногорафии. - Т. VIII, II. - С. 234.
5. Култеев Т.М. Уголовное обычное право казаков. - Алмата, 1995.
6. Турсунбаева Н.С. Институт суда биев и его роль в совершенствовании норм обычного права кыргызов. / Вестник КРСУ. 2014. - Том 14. - №6. - С. 154.
7. Борубашов Б.И. Государственно-правовое регулирование общественных отношений кыргызов в составе Российского государства (1855-1917 гг.): историко-правовое исследование Б.И. Борубашов. - Б., 2009. С. 96.
8. Козлов И. Древний мир права казахов: материалы, документы и исследования. - Алматы, 2005.
9. Момбеков Ж.К. Кыргыз жана Кыргызстан тарыхы. - Б., 2003.


**Рецензент: к.ю.н., доцент Орозов Ж.Ж.**